РЕЗУЛЬТАТЫ МЕДИА МОНИТОРИНГА В РАМКАХ ПРОЕКТА BRYCA

# ОБЗОР ЯЗЫКА ВРАЖДЫ И ФЕЙКОВ В ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ ЗА 2020 ГОД




*This project is funded by the European Union*

# МАЗМУНУ


Киришүү ..... 3

Методология..... 4

Жалпы контекст ..... 6

Борбор Азия өлкөлөрүндөгү кастык тили ..... 9

Казакстан..... 12

Кыргызстан..... 13

Тажикстан..... 14

Өзбекстан ..... 15

Борбор Азиядагы фейктер жана дезинформация..... 16

Коронавируска каршы элдик каражаттар ..... 17

Кутум теориясы ..... 18

Саясат (шайлоолор, аймактык бүтүндүк) ..... 21

Утуштар..... 23

Жыйынтыктоо ..... 24

Медиамониторинг үчүн тандалып алынган материалдар ..... 25

Список ресурсов мониторинга: ..... 27

## Киришүү

*«Кастык тили менен дезинформация цунамиси»* - медиа эксперттер 2020-жылды мына ушундай мүнөздөшөт[1]. Кокустан башталып, өтө тездик менен тараган пандемия маалыматтык жактан да, башка жагынан да баш аламандыкка алып келди. Көп сандаган конспирологиялык теориялар жаады, Билл Гейтс жана жалпы адамзатына көзөмөл жүргүзүүгө арналган 5G технологияларынан баштап, сарымсак COVID-19 иледтине каршы даба экени, жана вирустун келип чыгуу себебине байланыштуу жергиликтүү ой-пикирлер кеңири тарады. Мунун баары глобалдык маалыматтык мейкиндиктин бир бөлүгүнө айланды, албетте андан Борбор Азия да четте калган жок.

Пандемия Интернет-мейкиндиктеги кастык тилинин күчөшүнө өбөлгө түздү. Казакстанда 2017-жылы MediaNet эл аралык журналистика борбору жүргүзгөн Facebook тармагындагы кастык тилин иликтөөнүн алкагында, социолог Серик Бейсембаев мындай деп белгилеген, интернет-технологиялардын тездик менен өнүгүшү жана жалпы эле смартфондошуу шартында кастык тилинин «баасы» кескин көтөрүлдү. Эми бул жөн гана айрым бир адамдардын жактырбагандык мамилесин же ынанымдарын билдирүү эмес, жалпы эле социалдык жашоонун маанилүү факторуна айланды. Бир катар өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, качандыр бир кезде жарыяланган кастык тилин камтыган текст күтүлбөгөн кесепеттерге алып келиши мүмкүн, мисалы реалдуу жашоодогу жек көрүүгө чейин.

Бул серепте BRYCA долбоорунун медиа монитордук командасы тарабынан 2020-жылдын январынан тартып жүргүзүлгөн медиа мониторингдин жыйынтыктарын сунуштайбыз. Жыл бою Борбор Азияда кастык тилинин динамикасы кандайча өзгөргөнүн айтып беребиз. Ошондой эле серепте кеңири тараган фейктер менен дезинформацияларды темасы боюнча талдайбыз. Дароо эле белгилей кеткибиз келген нерсе, бул сереп региондогу кастык тили темасына терең теориялык жалпылоо жүргүзүү максатын көздөбөйт жана бардык маалымат булактарын толук анализ кылбайт. Биздин максат – белгилүү бир социалдык тармактардагы долбоордук мониторингдин жыйынтыктары менен бөлүшүү жана бул темадагы буга чейинки иликтөөлөрдү толуктоо. Мындан тышкары, кастык тилине келтирилген бардык реалдуу мисалдар бир гана маалыматтык максат үчүн гана колдонулду.

---

[1] Журналист, 2020. Медиаэксперты зафиксировали «цунами языка вражды и дезинформации» из-за COVID-19 во всем мире, доступно по ссылке https://jrnlst.ru/fazana-media-fest

Биздин сереп кеңири адамдардын тобуна жана ошондой эле медиа жана маалыматтык сабаттуулук жаатындагы адистер үчүн, студенттер үчүн жана башка кызыктар адамдар үчүн пайдалуу болот деп үмүттөнөбүз.

## Методология

Биздин мониторингде 20 жылдан ашуун убакыттан бери улутчулдук, расизм, жек көрүү, кастык тилинин негизиндеги кылмыштуулук, диний уюмдардын ортосундагы мамилелер жаатында мониторинг жана анализ кылууга адистешкен жана массалык маалымат каражаттарында, онлайн формада кастык тилине карата мезгилдүү иликтөөлөрдү жүргүзүү менен алектенген «Сова» маалыматтык-аналитикалык борборунун методологиясын колдондук.

Бул медиа мониторинг сандык жана сапаттык методдорго негизделген. Маалыматтарды топтоодо жана документтештирүүдө мониторингдин кол методу пайдаланылды. Кастык тили, фейк жана дезинформацияны камтыган бардык билдирүүлөр иликтенип, BRYCA долбоору иштеген төрт өлкөнүн медиа мониторлор командасы тарабынан колго иргелип чыкты. Машиналык мониторинг дайыма эле контексттин маанисин аныктап жана кастык тилин таба албасын эске алып, маалыматты иргөөнү колго жүргүзүү чечими кабыл алынган.  Долбоордун башында эле мониторлор командасы негизги ачкыч сөздөрдүн тизмесин аныктап алышкан, бул тизме учурда **707** орус жана төрт улуттук тилдеги (кыргыз, казак, өзбек, тажик) сөздөрдөн турат, ошондой эле **96 сайт, 88 группа жана соцтармактардагы баракчалардын жана 98 пикирлер лидерлеринин** тизмесин аныкташкан.

Медиа ресурстарды тандап алууда төмөнкү факторлор эске алынды: кирген колдонуучулардын саны, комментарийлердин заардыгы, онлайн-басылмалар жана соцтармактагы макалалар менен посттордун саны, материалдардын жанры: пост, жаңылыктар, аналитика, мультимедиа (онлайн болсо, бардык компоненттерди камтыйт (текст, фото, видео же аудио), фоторепортаж, интервью, сурамжылоо, комментарий/пикир (редакциялык же автордук), макала/репортаждын темасы, публикациялардын мезгилдик жыштыгы, кастык тили элементин камтыган материалды жарыялоо. Тандоонун бул методикасы пабликтер үчүн да колдонулду. Пикирлер лидерлерин тандоодо төмөнкүдөй параметрлер эске алынды, мисалы посттордун ретрансляциясы, посттун алдындагы комментарийлердин саны, катталгандардын/досторунун саны, ал адамдын эл арасында таанымалдыгы.

***Сандык компонент*** медиа, социалдык тармак (группалар менен пабликтер), пикирлер лидерлери, жана ошондой эле маалыматтык агенттиктердин сайтындагы жаңылыктарды талкулоодогу колдонуучулардын комментарийлерине жүргүзүлгөн мониторингдин маалыматтарын камтыйт. Биздин команда маалымат мейкининде гендердик, регионалдык, аймактык, этникалык, расалык, диний жана башка социалдык белгилерге карата кастык тилинин санын аныктап чыкты. Алынган маалыматтар атайын таблицаларга документтештирилип, скриншоттор, макалалардын, посттордун, комментарийлер менен сүрөттөрдүн шилтемелери да кошо камтылды.

***Сапаттык компонент*** өз ичине билдирүүлөрдүн анализин, тоналдык квалификациясын аныктоону (жумшак, орто, катаал) жана маалымат мейкининде көп кездешчү негизги ачкыч сөздөр жана сөз айкаштарынын негизинде аныкталган кастык тилинин түрлөрүн камтыйт. Медиа мониторлор кастык тилинин тоналдуулугунун классификациясын аныктоодо А. Верховский сунуштаган вариантты негиз кылып алышты.

**Катаал «кастык тили»**

1. Түз жана ачык зомбулукка чакыруу.
2. Жалпы лозунгдарды колдонуу менен зомбулукка чакыруу.
3. Түз жана ачык дискриминацияга чакыруу.
4. Жалпы лозунгдарды колдонуу менен дискриминацияга чакыруу.
5. Зомбулукка жана дискриминацияга көмүскө чакыруу (мисалы, заманбап же тарыхый зомбулук жана дискриминация көрүнүшүн оң мааниде пропагандалоо).

**Орточо «кастык тили»**

1. Зомбулукка жана дискриминацияга байланыштуу тарыхый окуяларды актоо.
2. Жалпы коомчулук тарабынан кабылданган зомбулукка же дискриминацияга байланыштуу фактыларга күмөн жараткан публикациялар жана билдирүүлөр.
3. Бул же тиги этникалык топтун тарыхый кылмыштары туурасында белгилөө.
4. Кайсы бир социалдык топтун аброюна шек келтирүү үчүн анын жергиликтүү жана/же чет өлкөлүк саясий жана мамлекеттик структуралар менен байланышы бар деп көрсөтүү.
5. Бул же тиги этникалык топту кылмыштуулукка жакын деп белгилөө.
6. Кайсы бир этникалык топтун материалдык жактан артыкчылыкка ээ экени, бийлик структураларында басымдуулук кылаары ж.б. тууралуу билдирүүлөр.
7. Кайсы бир социалдык топту коомго, мамлекетке терс таасир тийгизип жатат деп айыптоо.
8. Белгилүү бир социалдык топтун региондо (райондо, шаарда ж.б.) бекем отурукташып калышына жол бербөөгө чакырыктар.

**Жумшак «кастык тили»**

1. Этникалык топтун терс образын жаратуу.
2. Этникалык топтун атын басмырлоо контекстинде эскерүү.
3. Этникалык топтун толук кандуу эместигин белгилөө.
4. Этникалык топтун моралдык кемчиликтерин белгилөө.

5. Социалдык топторду же анын өкүлдөрүн мазактаган же шылдыңдаган контекстте атоо (мисалы, криминалдык хроникада).
6. Ксенофобиялык билдирүүлөрдөн цитата келтирүү же бул сыяктуу тексттерди интервью берип жаткан адам менен тексттин авторунун (журналисттин) пикиринин ортосундагы четки аныктаган комментарийи жок берүү; гезит бетинен редакциянын комментарийи жок же башка полемикасыз ачык түрдөгү улуттук пропаганда үчүн орун берүү.

## Жалпы контекст

Борбор Азия өлкөлөрүнүн экономикасына жана саламаттыкты сактоо системасына терс таасирин тийгизген өткөн жылдагы негизги окуя COVID-19 пандемиясы болду[2]. ИДПнын төмөндөшү, жумушсуздуктун күчөшү, саламатыкты сактоо жана билим берүү системаларына карата терс таасири жана натыйжада социалдык көйгөйлөрдүн курчушунан улам үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун күч алышы, калктын алсырашы – БА мамлекеттери мына ушундай көйгөйлөргө туш болду.

Маселен, Дүйнөлүк Банктын эсептөөлөрү боюнча, 2020-жылдын апрель айында Кыргызстанга акча которуулардын көлөмү 14 пайызга кыскарган[3]. Ал эми Тажикстанга Россияда акча таап жүргөн жарым миллион жумушсуз калган мигранттар кайтып келди. Көптөгөн мигранттардын үй-бүлөлөрү кирешесиз калышты.  Кыргызстан менен Тажикстан сырттан акча которуулардан эң көп көз каранды болгон дүйнөдөгү беш өлкөнүн ичине кирет, ИДПнын болжол менен үчтөн бирин трансферлер түзөт. Бул жылдын соңуна карата Борбор Азия өлкөлөрүнө акча которуулардын көлөмү орточо эсеп менен 28 пайызга кыскарган[4]. Чийки затка болгон баанын төмөндөшү улуттук валюталардын девальвациясына жана товарлар менен кызматтардын кымбатташына алып келди. Эл аралык валюта фондунун маалыматы боюнча, 2020-жылы инфляциянын деңгээли Өзбекстанда 12,6 пайыз, Кыргызстанда – 10,6 пайыз, Тажикстан менен Түркмөнстанда – 8 пайыз, Казакстанда – 7 пайызды түзгөн[5].

---

[2] OECD, 2020. OECD Policy Responses to Coronavirus (COVID-19), доступно по ссылке https://www.oecd-ilibrary.org/economics/covid-19-crisis-response-in-central-asia_5305f172-en
3 Падение цен на сырье, сокращение денежных переводов – пандемия COVID-19 привела к росту бедности в Центральной Азии, по ссылке https://news.un.org/ru/story/2020/11/1390472
[3] UN New portal, 2020. Падение цен на сырье, сокращение денежных переводов – пандемия COVID-19 привела к росту бедности в Центральной Азии, доступно по ссылке https://news.un.org/ru/story/2020/11/1390472
[4] Ibid
[5] Ibid

Коронавирус боюнча расмий маалыматтарга ылайык, Борбор Азия мамлекеттеринде ооругандар жана көз жумгандардын саны салыштырмалуу түрдө төмөн, июнь жана июль айларындагы кескин күчөгөн учурду эске албаганда. Изоляция боюнча кескин чаралар сыягы региондо вирустун массалык таркашына бөгөт болду көрүнөт. Айтмакчы, бул чаралар дайыма эле акылга сыйарлык деңгээлде болгон жок, адам укуктары менен эркиндиктеринин бузулушу менен коштолду[6]. Маселен, Amnesty International уюмунун иликтөөчүлөрү өзгөчө күч колдонуу жана ашыкча чектөөлөрдү белгилешет: Казакстан менен Кыргызстанда көп батирлүү үйлөрдүн эшиктерин ширетип бекитип салуу, чоң-чоң шаарларга кирүү жана чыгуу жолдорун тосуу ж.б.

Ал ортодо, маалыматтык чөйрөнү алсак толук баш аламандык орун алды. Тажикстан менен Түркмөнстанда саясий лидерлер пандемия коркунучтарын этибар албай же таптакыр четке кагышты жана натыйжалуулугу далилденбеген элдик медицина каражаттарын пропаганды кылышты. Маселен, түркмөн президенти Гурбангулы Бердымухамедов ооруну алдын алуу үчүн үйдү ысырык менен түтөтүп турууга кеңеш берди. Ушуга окшогон фейк мезгил-мезгили менен Тажикстанда да пайда болуп турду. Өлкөдө коронавирус жок деген факт радикалдуу исламчылар үчүн жакшы шылтоо болду: *«Тажиктер таза мусулман, ошондуктан коронавирус бизди айланып өттү»*. Ушунун айынан мусулмандарды куугунтуктаганы үчүн Кытай жазасын алды деген маселе февраль айында жана марттын башында посттор менен комментарийлердин негизги темасына айланды, натыйжада «20 миллион кытай исламды кабыл алды».




Март айынын ортосунан баштап тармакта жана мессенжерлерде дезинфекциялоочу каражаттар вертолет аркылуу чачылат экен жана коронавируска каршы эң мыкты дары сарымсак, бал, лимон жана ысырык деген маалыматтар таркай баштады. Мындай материалдар жана эксперттердин билдирүүлөрү өлкөдөгү бул товарларга баанын кескин көтөрүлүшүнө алып келди. Биздин Фейсбуктагы (@BRYCACentralAsia) «коронавирус жок өлкөдөгү коронавирус жөнүндөгү фейктер» аттуу постубуз эң популярдуу посттордун бирине айланган.


Мына ушундай оңой эмес шартта Кыргызстан менен Казакстанда президенттик жана парламенттик шайлоолор өттү, бул да онлайн формадагы кошумча агрессиянын күчөшүнө шылтоо болду.

[6] Fergana, 2020. Правозащитники отметили неадекватность реакции Ташкента и Нур-Султана на COVID-19, доступно по ссылке https://fergana.ru/news/117540/

Мисалы, Кыргызстандагы өткөн жылдын октябрындагы толкундоолорду алсак. Анда кыргызстандык медиа мейкиндик наразылык акциялар менен бийликтин алмашуусуна байланыштуу фейктер менен дезинформацияга толгон. Ошондой эле белгилей кетүүчү нерсе, президенттик шайлоолор учурунда троллинг жана социалдык тармактардагы фейк аккаунттар күч алган.  Бул туурасында Кыргызстандагы фактчек ресурсунун материалынан окууга болот: «Тролль фабрикалары» кимге иштеп жатканы жөнүндөгү маалыматтар»[7]. Журналисттер фейк аккаунттар бир катар кампанияларда колдонулганын аныктап чыгышкан, мисалы, Матраимовдордун үй-бүлөсүнө, экс-президенттер Сооронбай Жээнбеков менен Алмазбек Атамбаевке. Муну менен бирге октябрдын башында Жээнбековдун жана шайлоого катышкан «Мекеним Кыргызстан» партиясынын тролдор армиясы азыркы президент Садыр Жапаровдун кызыкчылыгына иштеп баштаган. Алардан сырткары айрым бир партияларды жана саясатчыларды каралоо менен алектенген аз сандагы тролдор группалары бар. Казакстанда шайлоолорго байланыштуу бир нече гана фейк чыкты, бул андай олуттуу атаандаш талапкерлердин жоктугуна жана маалыматтык мейкиндикти көзөмөлдөп турган кубаттуу административдик ресурска байланыштуу болсо керек.

[7] Factcheck.kg, 2020. Материал «На Садыра Жапарова начала работать «фабрика троллей» Матраимовых и Жээнбековых — Kaktus.media», 9 октября 2020 года, доступно по ссылке https://factcheck.kg/kyrgyz-na-sadyra-zhaparova-nachala-rabotat-fabrika-trollej-matraimovyh-i-zheenbekovyh-kaktus-media/. Также материал Open Democracy «У каждого было около 200 аккаунтов в соцсетях". Как устроены "фабрики троллей" в Кыргызстане», 13 ноября 2020 года, доступно по ссылке https://www.opendemocracy.net/ru/fabriki-trollei-v-kyrgyzstane/

Мындан тышкары, БА мамлекеттерине тиешелүү болгон дагы бир жалпы тенденция – фейктер менен дезинформация таркатууга каршы чаралардын катаалдашы. Дээрлик бардык БА өлкөсүндө чын маалымат катары алдын ала жалган маалымат таркатуу үчүн кылмыш жоопкерчилиги киргизилди. Түшүнүктөрдүн так эместиги, так мыйзамдуу түшүндүрмөлөрдүн жоктугу жана каалагандай түшүндүрүүгө, чечмелөөгө боло турган кеңири мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен юристтер кылмыш жоопкерчилиги өтө эле катаал жаза деп эсептешет[8]. Укук коргоо органдары түшүндүрүү максатында сүйлөшүүлөрдү жүргүздү, натыйжада фейк тараткандар жасаган ишине өкүнүп, эл алдында ачык кечирим сурады деген сыяктуу билдирүүлөр мезги-мезгили менен пайда болууда[9].




## Борбор Азия өлкөлөрүндөгү кастык тили


Өткөн жылы медиамониторлор тарабынан төрт өлкөнүн медиа мейкиндигинен болжол менен **4936** кастык тилине мисалдар аныкталган. Адатта катаал кастык тили орун алган публикацияларда төмөнкүдөй сөздөр кездешет: «өлтүрүү», «өрттөө», «жок кылуу» ж.б. Жалпысынан мындай тондогу кастык тили жыл бою дээрлик бирдей деңгээлде кармалып турду, жыл башында гана бир аз көбүрөөк болбосо (январь-март), 20%дан 30%га чейинки денгээл сакталды. Муну дүйнөдөгү дүрбөлөң маанайдын башталышы менен түшүндүрүүгө болот, Кытайда эпидемия башталып, ал эми жакынкы коңшулары Борбор Азия мамлекеттери, ошондой эле өкмөттөр тарабынан бир ыңгай маалыматтын жоктугу, жаңы инфекция туурасында түшүнүктүн жоктугу. Бул факторлордун бардыгы, андан сырткары болуп көрбөгөндөй катаал чаралар, мисалы бардык чек аралардын

[8] Институт войны и мира, 2020. Covid-19 Fake News Spreads in Central Asia, доступно по ссылке https://iwpr.net/global-voices/covid-19-fake-news-spreads-central-asia

[9] Например, в Кыргызстане https://rus.azattyk.org/a/kyrgyzstan_coronavirus_media_fake_news_2020/30526074.html


жабылышы, экономикалык ишмердүүлүктөрдүн токтошу, жалпы карантин, социалдык тармактардагы агрессиянын күч алышына алып келди.

*График 1. БА өлкөлөрүндөгү кастык тили, 2020, ар бир айга карата*




Иш жүзүндө орто кастык тилинде катаал кастык тилине караганда агрессивдүүлүк төмөнүрөөк болот. Кастык тилинин бул түрүнүн динамикасы катаал кастык тилиникине салыштырганда башкачараак. Борбор Азияда орто кастык тили эң көп колдонулган чек апрель-июнь айларына туура келет (31%), б.а. белгисиздиктин, коркунучтун жана дүрбөлөңдүн биринчи толкуну өтүп, бирок дагы деле адамдар түшүнүксүз жагдайда жашап жаткан маал. Жылдын аягында бир аз төмөндөө байкалат. Ал эми жумшак кастык тили тууралуу айта турган болсок, анын өнүгүү динамикасы логикага ылайык өзгөрдү: агрессия менен коркунучтун биринчи айларынан кийин, жашоо кадимки нугуна түшүп, адамдар акырындык менен жаңы эрежелерге көнүп баштады. Ошондой эле жогоруда айтып өткөн мыйзамдык чаралар да роль ойноду.

*График 2. БА өлкөлөрүндөгү кастык тилинин темалары, 2020*




БА өлкөлөрүнүн интернет мейкиндигиндеги өткөн жыл ичинде эң кеңири кездешкен темалар – этникалык маселелер жана синофобия. Негизинен БА өлкөлөрүндөгү кастык тилинин темасы этникалык жана улуттук маселелер болду (60%). Буга өз ич ара бири-бирине карата (өзбек-казактар, өзбек-кыргыздар, кыргыз-казактар, тажик-өзбектер) жана ошондой эле кытайлар менен орустарга багытталган билдирүүлөр. Мисалы, 2020-жылдын 8-февраль түнү орун алган казактар менен дунгандардын ортосундагы кырдаал, анда 23000 дунган бир түндө Кыргызстандын чек арасын кесип өтүүгө аргасыз болгон[10]. Тиричиликке байланыштуу чыр-чатактардан улам Казакстандын жергиликтүү калкы кескин түрдө дунгандарга мамилесин өзгөрттү. Мындай кырдаалда дароо ксенофобиялык маанай, синофобия жана «катаал кастык тили» жаралды. Адамдар дунгандарга катыштуу зомбулук аракеттерге чакырып жатышты. Башка мисал – ошол сыяктуу эле күнүмдүк тиричиликке байланыштуу кырдаалдардан улам, айрыкча чек ара аймактарындагы кыргыздар менен тажиктердин «салкын» мамилеси.


Синофобия – Борбор Азия өлкөлөрүндөгү кастык тилинин дагы бир кеңири тараган темасы. Кытайлыктар жергиликтүүлөрдөн жумуш ордуларын тартып алып жатышат, жаратылыш ресурстарына кол салып жатат жана чектеш мамлекеттердин аймактык бүтүндүгүнө кыянат кылууда деген пикирлер орун алып келет. Коронавирус инфекциясынын пайда болуу жана таркоо фактысы кытайларга болгон кастыктын деңгээлин ого бетер күчөттү. Мисалы, «Al Jazeera» телеканалы Казакстандагы дунгандарга байланыштуу кырдаалды синофобия менен байланыштырды: «*казактар кытай ресторандарын коронавирус жугузуп алгандан коркуп талкалап жатышат»*[11]. Казакстан менен Кыргызстанда да көп учурда кытайлардын экономикалык экспансиясына байланыштуу синофобиялык маанай пайда болуп турат. Бул өлкөлөрдүн калкы

[10] Радио Азаттык, Ночной кошмар. События в сёлах Кордайского района: есть жертвы и раненые, 8 февраля 2020 года, доступно по ссылке https://rus.azattyq.org/a/kazakhstan-zhambyl-region-conflict-/30423627.html
[11] Factcheck.kz, Факты и фейки о конфликте в селе Масанчи Жамбылской области, 8 февраля 2020 года, доступно по сылке https://factcheck.kz/socium/chto-izvestno-o-konflikte-v-sele-masanchi-zhambylskoj-oblasti/

дайыма Тажикстандын кейиштүү тажрыйбасын эске салып, жерден ажырап калуудан коркушат[12]. Бул ушул темадагы фейктердин пайда болушуна шылтоо болуп берет.

Келгиле кастык тилинин темаларына байланыштуу тенденцияны ар бир өлкө үчүн өз-өзүнчө карап көрөлү.

*График 3. БА өлкөлөрүндөгү эң көп кездешкен кастык тилинин сөз-темаларынын булуту, 2020*




### *Казакстан*

Казакстанда 2020-жылы кастык тили эң көп кездешкен сайттар бул - zakon.kz, qamshy.kz, stan.kz, abai.kz, alashainasy.kz, qazaquni.kz. Кастык тили публикациялардын өзүндө да, ага карата комментарийлерде да, жана колдонуучулар ал публикацияны өз баракчаларында бөлүшкөн учурларда да кездешет. Казакстандагы инфлюенсерлердин ичинен төмөнкүлөрдү атоого болот: Денис Кривошеев, Ермек Нарымбай, Айгуль Орынбек, Ахметбек Нурсила, Расул Жумалы, Самат Сак.

Чек ара аймактарындагы курчуган кырдаалдар көп учурларда кастык тилине себеп болуп берди. Мисалы, Кордай районундагы чыр-чатак, анда 11 адам каза таап, 192 адам, анын ичинде 19 полиция кызматкерлери жаракат алып, 168 турак-жай, дүкөн, кафелер, 122 автоунаа өрттөлүп же зыянга учураган, 23 миңден ашуун дунган коңшулаш Кыргызстандын аймагына качууга аргасыз болгон[13].

Казакстандын маалыматтык талаасына мониторинг жүргүзүүдө алынган маалыматтар боюнча, чыр-чатак учурунда расмий бийлик баш аламандык, хулигандык аракеттер деген аныктаманы карманышкан. Массалык баш аламандык  WhatsApp жана Telegram жабык каналдары аркылуу өтө тездик менен таркатылган видео жана агрессивдүү чакырыктардын натыйжасы болду. Дунгандарга жана башка этникалык топторго карата катаал кастык тилинин саны кескин өстү. Дунгандарды чыр-чатакты баштаган тарап катары, агрессор, чоочун катары көрсөтүштү. Зомбулукка ачык чакыруулар масштабдуу кыйратуулар менен курмандыктарга алып келди.  ММК жана блогерлер окуяны бейтарап чагылдырып жатышты, кагылышуу этникалык мүнөзгө ээ экени сейрек учурларда гана эскертилип жатты. Бирок соцтармактарда макалалар менен публикацияларга карата

[12] Радио Азаттык, Таджикистан передал часть земли Китаю, 6 октября 2011 года, доступно по ссылке https://rus.azattyq.org/a/china_tajikistan_kazakhstan_kyrgyzstan_land/24350707.html
[13]ИА REGNUM, Кордайская история: власти Казахстана заигрывают с национал-радикалами, доступно по ссылке https://regnum.ru/news/polit/2943305.html

комментарийлерде дунгандарды Казакстандан кууп чыгууга чакырыктар же күч менен көчүрүүгө чакырыктар басымдуулук кылды. Ошондой эле кыйратууларга катышкан казактарга колдоолор айтылып жатты. Мониторингдин алкагында дунгандарга катыштуу кастык тилин камтыган 90дон ашуун билдирүү аныкталды. Катаал кастык тили 16%ды түздү.

Ал эми ноябрда мониторингдин жүрүшүндө армяндарга каршы кастык тилинин күчөшү байкалды, бул Тоолуу Карабахтагы аскердик чыр-чатактарга байланыштуу болду. Бул темага да дезинформация таркатылды. Казакстан Республикасынын индустрия жана инфраструктуралык өнүгүү министрлиги Казакстан Азербайжанга курал-жарак жиберип жатканы тууралуу билдирүүлөрдү фейк деп атады. Ага чейин бир катар интернет-сайттарда жана социалдык тармактарда Казакстан Азербайжанга курал-жарак жөнөтүп баштады деген маалыматтар жарыяланып кеткен болчу.

### *Кыргызстан*

Кыргызстанда көбүнчө кастык тилин посттордун алдындагы комментарийлерде жана перепосттордо кезиктирүүгө болот. Айрыкча саясий окуялардын жана толкундоолордун убагында, мисалы 2020-жылдын октябрында парламенттик шайлоолордун жыйынтыгына каршы Бишкекте нааразылык акциялары башталып, бийлик дээрлик оппозициянын колуна өткөн мезгилде күчөдү. Пикирлер лидерлеринин бири Арслан Алаевдин публикацияларында кастык тили жана дезинформация көп кездешкени аныкталды.

Кыргызстандагы кастык тилине бир нече мисалдарды келтире кетели.

*Гендердик теңчилик*

Тактап айтканда, 2020-жылдын 8-мартында Бишкекте өткөн маршка байланыштуу окуялар, катышуучулар укук коргоо органдары тарабынан оройлук менен куулган. Интернет-колдонуучулар марштын катышуучуларына карата терс пикирлерин жазып чыгышты. Комментарийлердин айрымдары: *«ушул аялдар достали»*, *«митингге чыкпай үйүндө эле отурушпайбы, аларга бул жарашпайт»*, ал тургай мындай комментарий да болгон: *«баарына коронавирус жугузуп салса»* ж.б. Мунун бардыгы милициянын аракетин колдогон комментарийлер менен коштолду. Кастык тили ошондой эле маршка катышкан ЛГБТ-коомчулугунун дарегине да жаады. Ошентип марш ЛГБТ-коомчулугунун иш чарасы катары кабылданып, ого бетер терс маанай кошту. Транспарант кармаган катышуучулардын айрым сүрөттөрү фотошоптон жасалып, башка жазууларга алмаштырылды. «Мен аялдарга карата зордук-зомбулукка каршымын», «Зордук-зомбулукту токтотуу керек» деген жазуулардын ордуна, «Мен чай куйбайм», «Мен күйөөгө тийбейм», «Мен төрөбөйм» деген сүрөттөр пайда болду, бул ого бетер комментаторлордун жек көрүүсүн күчөттү. Эл аралык басылмалар Кыргызстандагы марш үзгүлтүккө учуруганы тууралуу макалаларды

жарыялаганы тууралуу видео-репортаждар менен жаңылыктар отко май куйгандай эле кылды. Мунун баары кескин терс маанайды жаратып, феминисттер менен ЛГБТ-коомчулугуна, өз позициясын коргогон жалпы эле аялдарга каршы агрессияны пайда кылды.

*Китайлар, коронавирус – коронавирус менен синофобия жөнүндө*

Өтө көп сандаган кастык тили, жек көрүү жана агрессия умрага баргандарга гана карата эмес, жалпы эле диний адамдарга катыштуу да күчөдү. Адамдар аларды «балакеттин баарына» күнөөлөштү, анын ичинде коронавируска байланыштуу. Мазактоолор, шылдыңдоолор, ачуулуу комментарийлер, мисалы: *«Алар ойлошсо керек, Кудай аларды ал жактан сактап калат деп», «Ошол жакта өлгүчө кала бербейт беле», «Арабдарды байытканы барышты» («акмактар», «таалада калгырлар», «сабатсыз манкурттар», «үйдө отурбайсыңарбы, малдар»*). Ал эми депутат Алиярбек Абжалиев жек көрүү казанын ого бетер кайнатты, ал таанышы ажылыктан келээри менен достору менен жолукканын айтып чыккан[14].

Коронавирус тууралуу бүтпөгөн билдирүүлөр адамдарды чүнчүтүп жана алардын диний комчулуктарга болгон мамилесине таасир этти. Кыргыз сегментиндеги жаңылыктардын көбү милдетүү түрдө төмөнкүдөй баш сөздөрдү камтыды: *«коронавирус жугузуп алгандар, ажылыктан келгендер»*. Ошондой эле бул сыяктуу чагымчыл баш сөздөр да кездешти: *«Коронавирус жугузуп келген ажылыктан кайткандар үйлөрүнө чыгарууну суранып жатышат», «Алар аэропорттон бизди текшерүүнүн кереги жок, анткени биз ыйыкпыз деп айтышкан», «Коронавирус жугузуп алгандар Бишкекке 2-мартта эле келген экен, ал тургай 150 адамга ажы-той өткөрүп да үлгүрүшүптүр».* Жаңылыктарда дайыма канча адам ажылыкка кеткени, дагы канчасы кайтып келэри тууралуу айтылып турду. Мындай жаңылыктар терс маанайдагы жана жек көрүүчүлүк комментарийлердин толкунун жаратты.

### *Тажикстан*

Биздин мониторлор кастык тили менен дезинформацияны эң көп тапкан тажик интернет-мейкининдеги сайттар менен ресурстар төмөнкүлөр: asia-plus, avesto, ozodi, Хавар. Өткөн жылдагы эң популярдуу темалар, башка жактагыдай эле коронавирус. Андан тышкары, саясат, экстремизм жана терроризм, чек арага байланыштуу чыр-чатактар да аудиториянын көңүл чордонунда болду. Негизинен Asia Plus жана ozodi сайттары өз материалдарында кастык тилин колдонбогонго аракет кылышты, бирок комментарийлерде жана ал ресурстардын соцтармактардагы баракчаларында өтө көп сандаган кастык тилин кезиктирүүгө болот. Пабликтердин арасында ittiloot.com, asia.times,

[14] https://www.facebook.com/azattyk.org/videos/644524922781386/

ozodi, Ховар, hamsinf, asia-plus, авесто, спутник. Өзбекстандан башка 3 өлкөдө тең WhatsApp жана Facebook мессенжерлери кастык тили менен дезинформация таратууда лидерлер болуп саналат.

Белгилүү бир мисалдарга токтололу. 2020-жылдын март айында «Озоди» Радиосу АКШдан кайтып келген журналист өз ыктыяры менен коронавируска тест тапшырганы туурасында материал жарыялаган. Ал «коронавирус» деген сөзгө дарыгерлердин реакциясын кеңири сүрөттөп берген. *«Мага жардам көрсөткөндүн ордуна, алар менден качып, жакындагандан коркуп жатышты»*, деп жазган журналист. Бул материал көп талаштардын себебине айланды. Окурмандар медицина кызматкерлерин сынга алып, аларды коррупцияга айыптап башташты, коркунучтарын билдиришти «*эгер өлкөдө коронавирус пайда болсо медиктер биринчи качып кетишет»*[15].

Диний темадагы кастык тилинен Тажикстан да четте калган жок. Өлкө бийлиги коомдук намаздарды окуганга кайрадан уруксат берип, мечиттердин эшиктерин ачты. Бул маалымат өлкөдөгү башка салттуу эмес диндерди тутунгандарга (христиандар) жана башка улуттагыларга (еврейлер) карата мазактаган комментарийлердин толкунуна себеп болду, ошол эле кезде мусулмандарды көтөрмөлөгөн билдирүүлөр үстөмдүк кылды: *«Тажиктердин баары бейишке чыгат. Анткени, биз таза мусулманбыз»*[16]. Башка өлкөлөрдө коронавируска байланыштуу болуп жаткан окуяларды дин менен жана улут менен байланыштырышты.

### *Өзбекстан*

UPL (катталбаган ММКлардын катарына кирет) жана vesti.uz сайттары – эң көп кастык тили табылган жаңылык порталдары. Өзбек интернет мейкининде өткөн жылы кеңири тараган коронавирус темаларынан тышкары, COVID-19 темасынын айланасында, мисалы дарылоо амалдары (негизинен элдик каражаттар менен) же «кереметке ишенүү», жана экстремизм менен терроризм маселелери да популярдуулукка ээ болду. Пабликтер UPL, Одноклассники, Telegram-каналдардагы чаттар менен рассылкаларда жана кайсы бир деңгээлде Facebook баракчаларында көбүнчө кастык тили менен дезинформация камтылган учурлар кездешти.

Өзбекстанда аныкталган кастык тилине бир нече кейстер.

*Кейс 1. «Коронавирустан айыккан кыз «Узбекистан 24» үчүн интервью берди»*[17] - деген баш сөз менен жарык көргөн материал терс маанайдын толкунун пайда кылды. Комментарийлерде ал

---

[15] Радио Озоди, Чӣ хел ман дар Душанбе аз ташхиси коронавирус гузаштам. АКС, доступно по ссылке https://www.ozodi.org/a/blog-coronavirus-mullorajab-yusufi/30493303.html

[16] https://www.facebook.com/groups/1850530778525172/permalink/2619377084973867/

[17] https://upl.uz/obshestvo/15039-news.html

Турцияда сойкулук менен алектенет экен деген имиштер айтылып, ооругандарга, чет өлкөдөн келгендерге кастык мамиле орун алып, ал улутчулдук маанайга өттү *(«Өзбекстанды уят кылып жатасың», «Өзүңдүн Азербайжаныңа кет», «Келесоо фанатиктер»)*. Материалдын өзү окурман үчүн пайдалуу маалымат бербейт, натыйжада санаркоо деңгээлин да төмөндөтө алган жок. Аз кабардар болгон коомчулук белгисиз коркунуч алдында турганда пайдасыз материалга агрессивдүү мамиле кылды.

*Кейс 2. «Ырчы Мавлуда Асалхужаева карантинге карабай, үйлөнүү тоюнда медициналык беткап менен колкап кийип ырдады»*[18]. Публикациянын авторлору агрессивдүү реакция болоорун алдын ала билиши керек эле, анткени ага чейин да эки окуя туурасында публикациялар жарык көргөн. Комментарийлерде мындай «жоопкерчиликсиз» адамдарга карата агрессивдүү лексикалар камтылды: *«акмактар канча көп болгон сайын, акмактар ошончолук аз», «мээси жоктор»*, аларды эч кандай коргонуу каражаттарын бербей туруп ооруган адамдарды багууга жөнөтүүгө, ал тургай жазасын берүүгө чакырыктар болду.

*Кейс 3. «АКШ элчиси Лондондо, Кытай бүт дүйнөнү коркунучка салганын билдирди»*[19]. Карантинге байланыштуу маалыматтык мейкиндиктеги жалпы чыңалуу жана Россия-АКШ тиреши мүнөздүү болгон сайттын риторикасы бири-бирине кошул-ташыл болуп, америкалыктарга карата кастык тилин пайда кылды: *«Мына эми Штаттар да *** болуп көрсүн. Айбандар, атайлап башка өлкөлөрдүн экономикасын кыйратып жатат. Кытайдыкын айрыкча. Атаандашы да», «Эгер америкалыктар улут катары жок болуп кетсе же штаттар суунун астына чөгүп кетсе, вулкан басып калса, калган дүйнө эркин дем алып, рахмат демек».*


## Борбор Азиядагы фейктер жана дезинформация

2020-жылы башталган пандемия Борбор Азияда фейктердин жана дезинформациянын жаралышына жана тез таркашына жагымдуу шарттарды түзүп берди. Негизги басымдуу бөлүгү апрель-июнь айларына туш келди (32%), б.а. пандемиянын кызуу учурунда жана ары-бери жүрүүгө, кадимкидей ишмердүүлүк кылууга чектөөлөр киргизилген мезгилде. Андан азыраак, бирок баары бир дезинформациянын олуттуу чоң бөлүгү (дээрлик 40%) үчүнчү кварталда байкалган (январь-март), айрым өлкөлөрдө коронавирус инфекциясына байланыштуу түшүнүксүз жана курч кырдаал болуп жаткан кезде.

---

[18] https://upl.uz/culture/15045-news.html
[19] Новости Узбекистана, https://upl.uz

*График 4. Борбор Азия өлкөлөрүндөгү дезинформациянын көлөмү, ар бир айга карата*




Жалпысынан көп кездешчү фейктер менен дезинформациянын темалары 2020-жылы өтө деле айырмаланган жок. Адатка айлангандай, бул «коронавирус» жана «кытайлар» темасы, өткөн жылдагы негизги окуя жана анын очогу Кытай болгонуна байланыштуу бул көрүнүш түшүнүктүү. Бирок, кытайларга карата жек көрүүчүлүк – Борбор Азиядагы жаңы дискурс деп айтууга болбойт. Мурда деле Кытайдын айрым экономикалык жааттардагы катышуусунан улам жакынкы коңшуга карата мындай реакциялар мезгил-мезгили менен орун алып келген. Буга кошумча «ислам», «интернет утуштар», «Италиядагы кырдаал», «Саясат», «Оорулардан дарылоо», конспирологиялык теориялар ж.б. темалар да орун алды.

## *Коронавируска каршы элдик каражаттар*

Түшүнүктүү себептерге байланыштуу бул фейктер менен дезинформациянын өтө көп колдонулган темасы. Маалыматтык баш аламандыкта адамдар эмне кылаарын билбей, өз күчтөрү менен абалдан чыгуунун айласын көрүштү. Казакстанда Facebook баракчасындагы группалардын биринде мындай деген билдирүү жарыяланган: *«арак коронавирусту жарым мүнөттө жок кылат».* Саламаттыкты сактоо министрлиги ууланган аракка байланыштуу дароо үч билдирүүнү төгүндөгөн. WhatsApp аркылуу аудио-билдирүүлөрдү жөнөткөндөр суу жана газдалган суусундуктардан сак болууга кеңеш беришкен: *«суу аркылуу баарын уулап жатышат. Көрдүңөрбү, эми суу менен кичинекей балдарды, жаштарды уулап жатышат».*

Кыргызстанда журналист Тынчтык Алтымышев менен ырчы Курал Чокоев коронавируска каршы хижама ыкмасын колдонууга боло турганын айтып берген видео тартып жарыялашкан. КРнын саламатыкты сактоо министрлигинин өкүлү бул маалыматты төгүндөп, канды сордуруп чыгаруу процедурасынан карманууга чакырган[20]. Өзбекстанда хижамадан сырткары тмин, имбирь, куркуманын жардамы менен COVID-19 илдетинен коргонууга жана дарылануууга боло турганын

[20] Kloop.kz, 2020

сунуштап, бул туурасында Пайгамбардын китебинде жазылганын айтып чыгышкан[21]. Казакстанда жогоруда саналган рецептерге кошумча коронавируска каршы кашкулактын, иттин, койдун майы, пияз, сарымсак, капуста, сумах, деңиз балырлары, адырашман, ал тургай Кобейтуз көлүнүн тузу да сунушталган. Айрыкча «кызгылт» көлдөн мыйзамсыз туз чогултуу маселеси кызуу талкууланган, анткени бул фейк тарап кеткенден кийин ооруну алдын алуу максатында көлдөн туз алгандар көбөйүп, көлдүн экосистемасын бузуп жиберишкен [22]. Биринчи президенттин канынан жасалган коронавируска каршы жаңы вакцина жөнүндөгү тамашалуу макаланын чын-бышыктыгы текшерилбестен ММКларда тарап кеткен. Бул маалыматты да расмий өкүлдөр дароо төгүндөшкөн[23]. Бул маалыматты чыгарган сайтка блок коюлган.

### *Кутум теориясы*

«Ковид-диссиденттиги», BBC журналисттери эпидемиянын чыгуу себептери жана максаттарына байланыштуу пайда болгон өтө көп сандагы теориялардын жакточуларын мына ушундай деп аташты. Фактылардын бул сыяктуу альтернативдүү түшүндүрмөлөрүнүн пайда болушу ишенбөөчүлүк менен, «айласыздыктын, ачуунун жогорку деңгээли жана өздүк баанын төмөндүгү же психологиялык көйгөйлөргө байланыштуу» [24]. Кутум теориялары глобалдык масштабдагы бардык эпидемияларды коштоп келген. Франциядагы Conspiracy Watch сайты адамзаттын тарыхындагы глобалдык эпидемияларга байланыштуу тенденцияларды иликтеп чыккан. XIV кылымдагы кара тумоо эпидемиясы, XIX кылымдагы холера эпидемиясы, 1980-жылдардагы СПИД, Зика, Эбола вирустары, 2009–2010-жылдардагы H1N1 тумоосу, мунун бардыгы ар кандай кутум теориясы менен коштолгон: еврейлер жана ала оорусу менен ооругандар атайлап кудуктарды ууландырганы, калкты атайын жок кылууну көздөгөн аристократия, адамдарды күч менен лагерлерге камап алган өкмөттөр, күч менен эмдөө жасоо жана чиптештирүү, глобалдык аңдуу, биокурал ж.б.[25] Коронавирус инфекциясы мындан четте калган жок, улам кайталанып турган кутум теориясына ылайык дагы жаңыларын пайда кылды[26].

Кыргызстандагы жаңы оору туурасындагы жалган маалымат Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлиги расмий билдирүү жасаганга чейин алда канча мурда эле тарап, бул дүрбөлөңдү пайда кылып, азык-түлүк рыногунда жана дарыканаларда алып-сатуунун

---

21 Учителя Узбекистана, 2020
22 Zakon.kz, 2020
23 Ktk.kz, 2020
24 Русская служба Би-би-си, Анатомия "ковид-диссидентства". Почему на фоне пандемии так легко поверить в заговор, https://www.bbc.com/russian/features-55438177
25 Conspiracy Watch, https://www.conspiracywatch.info/
26 RFI, https://www.rfi.fr/ru

күчөшүнө алып келди. Пандемияга байланыштуу глобалдык кырдаал коомдун маалыматтык алсыздыгын жаратты. Коронавирус жөнүндөгү фейк жаңылыктар менен бирге эле, COVID-19га түз тиешеси жок эле дезинформациянын саны көбөйдү. Жалган маалымат берүүнүн мисалдарынын бири, жаңы муундагы 5G зымсыз байланышынын айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасири жөнүндөгү билдирүүлөр. Апрель айынын башында мессенжерлерде 5G технологиясы жаратылышка гана зыян келтирбестен, адамдын ден соолугуна да зыяндуу экени, бааш оору, рак, теринин бузулушу, зат алмашуунун бузулушуна жана импотенцияга алып келет деген маалыматтар тараган. КРнын байланыш жана маалыматтык технологиялар боюнча мамлекеттик Комитети бул маалыматты төгүндөп, буга чейин 3G жана 4G технологиялары өздөштүрүлө баштаганда да, бул сыяктуу чындыкка дал келбеген маалыматтар тараганын кошумчалаган. Белгилей кетчү нерсе, бүгүнкү күндө 5G технологиясы Кыргызстандын аймагына келе элек.

Whatsapp мессенжеринде белгисиз бир аялдын үнү менен аудио-билдирүү кеңири таркатылган, анда Казакстанда 19-августта телерадиоберүүлөрдү өчүрүү пландалып жатканы жана бул 5G технологияларын кошууга байланыштуу экени айтылат — *«балдардын өлүмүнө алып келе турган өтө коркунучтуу нерсе».* Буга байланыштуу билдирүүнүн автору белгилүү бир убакытка чейин Wi-Fi, телевизорлорду өчүрүп, ал тургай уюлдук телефондордон да оолак болууга кеңеш берет. «Казтелерадионун» расмий маалыматы боюнча, телерадиоберүүлөрдү өчүрүү пландык-профилактикалык иштерди жасоо максатында пландалып жаткан.

2020-жылдын декабрь айындагы Казакстандагы эң популярдуу темалардын бири Россия менен Европа өлкөлөрүндөгү коронавируска каршы массалык эмдөө темасы болду. Күтүлгөндөй эле, жаңы вакцина адамдардын ден соолугу менен өмүрүнө коркунуч келтирет деген ар түрдүү фейктер тарады. Маселен, ноябрдын башында социалдык тармактарды *«Россиялык COVID-19га каршы вакцина ветеринардык препарат болуп чыкты»* деген публикация дүрбөлөңго салды. Мындай реакциянын жаралышына Россия илимдер академиясынын биохимиялык физика Институтунун кенже илимий кызматкери Александр Кудрявцевдин Facebook баракчасындагы публикациясы себеп болду. Stopfake.kz аныктап чыккандай, посттун текстинде жана сүрөттүн түшүндүрмөсүндө таптакыр башка вакцина туурасында айтылган жана жогорудагы билдирүү фейк болуп чыккан.

Дезинформациянын башка сериясы коронавирустан каза тапкандардын санынын үрөй учургандай көптүгүнө байланыштуу болду. Мисалы, Мангистау бийлиги кара пакеттерге салынган өлүктөр жөнүндөгү казакстандык медиасегменттеги мессенжерлерде тараган видеону фейк деп төгүндөгөн (Цирулик, 2020). Июль айынын башында тармакта Кыргызстанда адамдарды массалык түрдө көмүү туурасындагы видео популярдуулукка ээ болду. Видеодо коргоочу кийим кийген адамдар болжолдуу түрдө бир нече адамдын өлүгү салынган мүшөктөрдү аңга ыргытып жатышат. Чындыгында, бул Индияда болгон окуя, ал эми бул видео болсо индиялык YouTube каналдарда июнь айында эле жарыяланган[27]. Telegram мессенжеринде жана соцтармактарда жарыяланган Өзбекстандын ооруканаларындагы коронавирустун курмандыктарын чагылдырган видеоролик да жалган жана чындыкка дал келбейт[28]. Мисалы, Казнетте бир эркек киши көчөдө белгисиз бир нерсе чачып жаткан видео жарыяланган. Роликтин авторлорунун айтымында, аны Алматынын «Зердели» районунан тартып алышкан. Полиция бул факт боюнча текшерүүнү баштады. Ал ортодо сапат көзөмөлү жана товарлар менен кызматтардын коопсуздугу боюнча Комитети ал адам коркунучтуу химиялык зат чачпаганын билдирип чыккан. Социалдык тармактарда башка видео тараган, анда белгисиз бир аял Актау шаарынын үстүндө самолет уу чачып жүргөнүн айтып берет. Еврейлер кудуктарды ууландырганы жөнүндөгү орто кылымдагы фейкке абдан окшошуп турат, силерге андай сезилбейби[29]? Актау аэропортунун жетекчилиги бул видеого комментарий берип, абада мындай эффект кантип пайда болоорун кенен түшүндүрүп берген (Inform.kz).



Казакстанда Instagramда сентябрь айында дистанттык термометрлер же пирометрлер адамдын ден соолугуна, ал тургай өмүрүнө кооптуу экени кызуу талкуланып, али күнгө чейин бул боюнча ролик таратып келишет. Тармакты кыдырган бул роликте кадр артындагы аялдын үнү менен, «айрым маалыматтар боюнча, дистанттык аппараттын жардамы менен температураны күнүгө ченөө адамдын канынын курамына зыян жана өлүмгө да алып келиши мүмкүн» деп айтылат. Чынында техникалык да, медициналык да термометрлер инфракызыл нурларга негизделген. Приборлор нурлануу чыгарбайт, тескерисинче — нурларды белгилеп алып, аны ченейт (Stopfake.kz). WhatsApp

[27] Kaktus.media, 2020
[28] Antifake.uz, 2020
[29] Изображение справа: Сожжение евреев во время чумы. Миниатюра из рукописи Жиля Ле Мюизи «Antiquitates Flandriae». 1349–1352 годы, Bibliothèque royale de Belgique

мессенжеринде бир эркек киши медициналык беткапка суу куюп, суу андан өтпөгөнүн көрсөткөн видео таратып башташкан. Роликтин аягында автор суу өтпөгөндөн кийин маскадан кычкылтек да өтпөйт, демек адамдар маска тагынып жүргөн убакта көмүр кычкыл газы менен дем алып ууланып жатышат деген бүтүмдү чыгарат. WhatsApp аркылуу тараган дагы бир билдирүүдө адамдарга ууландырылган медициналык беткаптар таратылып жатканы жана бул жергиликтүү бийликтин жаңы демилгеси экени айтылган.  Алар беткаптар туура келет бекен кийип көрүүнү сунушташат, беткаптар болсо баңги заттардай касиетке ээ химикаттарга чыланган. Ошондон кийин алар адамдарды тоноп кетишет деп айтылат.

Telegram чаттарында тараган маалыматка ылайык, билим берүү мекемелеринде коронавирус инфекциясы катталса, бул уюмдар карантинге жабылат деп белгиленген. Мындан тышкары, тексттин автору мектептер «армия тарабынан кайтарылат», ал эми «ата-энелер балдарына кире алышпайт»  деп жазат. Ал эмне үчүндүр Казакстанга эч тиешеси жок Израилде болжонуп жаткан карантиндик чараларды айтып берген аял жөнүндөгү Instagram баракчасындагы видеону далил катары келтирген (Stopfake.kz).

### *Саясат (шайлоолор, аймактык бүтүндүк)*

Кыргызстанда парламенттик шайлоолор алдында Интернет мейкиндиги шайлоолорго байланыштуу ар түрдүү фейктерге толду. Мисалы, 5-сентябрда Vesti.kg редакциясы партиялардын тизмесин жана алар шайлоо бюллетенинде кандай номер менен көрсөтүлөөрүн жарыя кылды, бирок ошол убакта КРнын БШКсы партиялардын бюллетендеги ордун аныктоо процедурасын өткөрө элек болчу. Кийинчерээк сайт ал публикациясын өчүрдү. Же башка мисал, кыргызстандык сегменттеги социалдык тармактарда  “Реформа” партиясынын шаарда илинген баннерлери делген сүрөт таратышты, чындыгында ал фотошоп болчу.

Парламенттик шайлоолордун жыйынтыгы жарыялангандан кийин орун алган элдик толкундоолорго байланыштуу ар түрдүү фейк жаңылыктар активдүү тарады. ММКларда УКМК басма-сөз кызматына таянуу менен Бишкекте атайын кызматтардын оперативдик-согуштук топтору иштеп баштады деген маалымат пайда болду. Ошондой эле, криминалдык топтор каршылык көрсөтө турган болсо, атайын кызматтар тарабынан алар жок кылынат деп кабарланды. Материалда андай элементтер байкалса кайда кайрылуу керектиги боюнча байланыш телефону да көрсөтүлгөн. Соцтармактарда Sputnik.kg агенттигинин жаңылыгынын скриншоту тарады, анда Кант авиабазасына россиялык аскерлер келгени айтылган.




Кыргызстанда фейктердин темасы өлкөдө болуп өткөн шайлоолорго байланыштуу болду. 16-ноябрда бир катар ММКлар революция учурунда качып кеткен мурдагы ички иштер министри Кашкар Жунушалиевди Москвада өткөн концертте көрүшкөнүн айтып чыгышты. Маалыматтын булагы катары популярдуу телеграм-каналы «Компромат» экени көрсөтүлгөн, канал өз баракчасына Жунушалиевди 15-ноябрда Москвадагы «Россиянын милиция күнүнө карата өткөн майрамдык концертте» көрүшкөнүн жазып чыккан. Factcheck.kg бул маалыматты текшерип чыгып, Жунушалиев чын эле бул концертке 2019-жылы катышканын аныктады. Президенттик шайлоолор алдында Интернетте депутат Жанар Акаев алдыдагы шайлоолордо талапкер Садыр Жапаровдун Оштогу штабын башкарат экен деген маалымат чыкты. Бирок, кийинки күнү Жанар Акаев өзү «Марал» радиосуна берген интервьюсунда бул маалыматты төгүндөдү.

Ал эми Казакстанда россиялык чиновниктердин Казакстанга тиешелүүлүгү күмөн жараткан аймактар жөнүндөгү чагымчыл билдирүүлөрү фейктерге шылтоо болуп берди. Мындай билдирүүлөр терс маанайдагы комментарийлердин толкунун пайда кылып, казкстандыктардын арасындагы русофобияны күчөтүп, Россиянын дарегине кастык тили жаады. Ушундай шартта Казакстанда НОД (улуттук-боштондук кыймылы) уюму расмий түрдө иштейт экен деген имиштер тарады.  Казнетте кандайдыр бир НОД уюму бар экен, анын максаты Казакстандын аймактык бүтүндүгүн бузуп, көз карандысыздыгынан ажыратуу экен деген билдирүүлөр пайда болду. Анын жетекчиси, социалдык тармактарда жазылгандай, Росиянын Мамлекеттик думасынын депутаты Евгений Федоров деп аталды. Колдонуучулар жаза башташты, НОД уюму ачык эле иштеп, ал тургай казакстандыктардын арасынан жаңы мүчөлөрдү кабыл алып, аларды Алматы жана Нур-Султан шаарларындагы кеңселерине чакырып жатышат деп улантышты.


Октябрь айынын башында Өзбекстанда социалдык тармактарда жана Telegram мессенжеринде видеоматериал тарады, анда колуна өзбек желегине окшогон туу кармаган адамдар тикенек зым менен курчалган дубалдарды талкалап жатышат (өзбек чек арасындагы окуя катары көрсөтүшкөн). Чындыгында бул видеоматериал 2020-жылдын 15-августунда Башкорстанда (РФ) тартылган,  анда нааразылык акциясы учурунда ЧОП кызматкерлери менен Куштау тоосундагы дарактарды кыюуга

каршы митингге чыккандардын ортосунда кагылыш болгон эле.  Өзбекстан менен Башкорстандын желеги окшош болгондуктан, ал чатак колдонуучулар тарабынан туура эмес кабылданган.

Тажикстанда мигранттар темасы кызуу талкууланды. Маселен, Москва мэринин тажик мигранттары тууралуу билдирүүсү. 19-октябрда Pressa.tj сайтында «Собянин: тажиктерсиз Москвага кыйын болот» деген аталыштагы макала жарыяланган, ага ылайык Москва мэри Сергей Собянин кыштын келиши менен Россиянын борбор шаары тажик мигранттарына абдан муктаж экенин билдирген. Бирок, чындыгында ал интервьюда мигрантардын 40% тартыштыгы тууралуу сөз болгон, улут маселеси көтөрүлгөн эмес. Албетте, мындай баш сөз менен сайт өз материалына көп окурмандарды тартууну көздөгөн.

### *Утуштар*


Жаңы жылдын алдында Кыргызстанда WhatsApp мессенжеринин колдонуучулары – Amazonдон Рождествого белектер жана Huaweiден жаңы жылдык белектер деген сыяктуу таркатууларды ала башташты. «Amazon белектери» деген билдирүүдө чакан сурамжылоодон өтүп жана 500 долларга белек картасын алуу сунушталат. Factcheck.kg редакциясы бул маалыматты текшерип чыгып, маалыматтык коопсуздукка байланыштуу ал шилтемени баспоого кескин чакырган[30].




Ноябрдагы чуулгандуу фейктердин бири, Ханколь айылындагы ак чачтуу арбак кыз жөнүндөгү видео болду. «Сөз Батыш-Казакстан облусундагы Каратобе районунун Ханколь айылынын жашоочулары социалдык тармактар жана мессенжерлер аркылуу таркаткан видео тууралуу болуп жатат. Ага чейин Ханколь айылынын жашоочулары ак чачтуу кыздын арбагы бүт районду коркунучка салганын айтып чыгышкан. Алардын айткандары боюнча, арбак терезелерди чертип же жолду жээктей айдочуларды коркутат. Айрым айдоочулар арбак алардын унаасына кирип, унааны айдаганга тоскоол блоорун да билдиришкен». Бул билдирүү ММКларда жана ири пабликтерде кайра-кайра басылган. Аудитория полициялык текшерүүлөрдү жана акимдин реакциясын тамаша кылып кабылдашты. Бирок, комментарийлерде арбактын чын эле бар экенине ишенгендер да болду. Кийинчерээк Factcheck.kz бул маалыматка төгүндөө жарыялаган. Бул вирустуу ролик соцтармактарда, ММКларда буга чейин да пайда болуп келген. Бир жыл мурда ал россиялык интернет мейкиндикте бир нече жолу тарап, ар жолу авторлор окуя өткөн жер катары улам бир жаңы

[30] https://factcheck.kg/ocherednaya-rassylka-ot-moshennikov.../

регионду көрсөтүшкөн. Мисалы, так эле ушундай, бирок Липецк облусунда деп сүрөттөлгөн видео бар.




Дагы бир эске сала кетчү маалымат, Хабиб Нурмагомедов тарабынан khabib-camry.com сайтында жарыяланган 100 Toyota Camry унаасын ойнотуу же картага которулчу акчалай сыйлыктар туурасындагы фейк билдирүүлөр. Утушка катышуу үчүн сурамжылоодон өтүү керек, андан соң WhatsApp мессенжери аркылуу ал билдирүүнү таркатуу керек. Басууга сунушталган шилтеме логин жана паролдорду уурдай турган фишинг сайтына алып барат. Адистер бул сыяктуу Нурмагомедовдун атынан сурамжылоо формасы бар ондон ашуун интернет-ресурстарды таап чыгышкан. Хабибдин расмий өкүлдөрү россиялык боксчу бул сыяктуу ишмердүүлүк менен алектенбейт деп билдиришкен. Бул фейк мезгил-мезгили менен пайда болуп турат.

## Жыйынтыктоо

Бардык кырдаалдарды жана мисаларды бир материалга камтуу кыйын, анткени бул тема өтө чоң ресурстарды жана ири көлөмдөгү маалыматтарды иштеп чыгууну талап кылат. Төрт өлкөнүн медиамониторлору бир жыл ичинде 787 335 билдирүүгө мониторинг жүргүзүштү, алардын 6 199у зыяндуу же «уулуу» болуп чыкты. Бул мониторинг жүргүзүлгөн жалпы билдирүүлөрдүн болгону 0,8% пайызын түзөт. Албетте, бул кубандырат.

2020-жылдын жыйынтыгын чыгарып жатып, Борбор Азия башка дүйнө өлкөлөрү сыяктуу эле инфодемия менен синофобиянын торуна кептелгенин айтууга болот. Айрым өлкөлөрдүн расмий бийликтери өлкөдө коронавирус бар экенин дароо моюндап, тиешелүү чараларды көргөн жок, бул инфодемияны күчөткөн жагдай болду. Адамдар соцтармактарда жана байланыш каналдарында дүрбөлөңгө салган жана баш аламандыкты жараткан текшерилбеген жана расмий эмес маалыматтарды таркатууга аргасыз болушту. Мисалы, Түркмөнстанда адамдар массалык түрдө ун сатып ала башташты, башка өлкөлөрдө – азык-түлүк, анын ичинде «сыйкырдуу» имбирь, сарымсак, лимон ж.б. С витаминдүү мөмө-жемиштерди талашты.

Кастык тили боюнча айтсак, дезинформация тенденциясына окшош өнүгүү динамикасын белгилөөгө болот. Негизги (этникалык, улуттук жана диний) жана кошумча (гендердик теңчилик, тил маселеси (орус тили vs жергиликтү тилдер) темалар орун алды. Биринчи топтогу темаларды ала

турган болсок, алар адатка айланган, кеңири тараган, интернет-мейкиндигинде дайыма болуп келген темалар, демек кандай маалыматтык толкун пайда кылаарын  алдын ала айтууга мүмкүн. Ал эми экинчи топтогу темаларды «сыйкырчы бакшынын сандыгы» деп атоого болот, аларды алдын ала болжоо кыйын, адатта андай темалар үчүн өзгөчө маалыматтык шылтоо керек.

BRYCA долбоорунун командасы бардык адамдарды кандай маалымат болбосун аны таркатууда этият болууга, биринчи булагын текшерүүгө, медиасабаттуу болууга жана кастык тилинен оолак болууга чакырат.

*Бул сереп "Борбор Азияда жаштардын сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү үчүн медиа-маалыматтык сабаттуулук" аттуу BRYCA долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн медиа мониторингдин жыйынтыктарына негизделди. Мониторинг 2020-жылдын январь айынан баштап Казакстанда, Кыргызстанда, Өзбекстанда жана Тажикстанда жүргүзүлдү. BRYCA долбоору Европа Биримдигинин финансылык колдоосу астында ишке ашырылып келет.*

*Серепте келтирилген бардык мисалдар бир гана маалымдоо максатын көздөйт. Биз кастык тилинин кандай тоналдуулукта болбосун колдонулушуна кескин каршыбыз.*

*Бул публикация Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен даярдалды. Аталган публикациянын мазмуну BRYCA долбоорунун медиамониторлор командасынын жоопкерчилиги болуп саналат жана Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.*

## Медиамониторинг үчүн тандалып алынган материалдар

Манипуляция: «COVID-19 вакцинасын сыноого катышкан адамдын бири оор абалда» https://stopfake.kz/ru/archives/3795

Манипуляция, Pfizer вакцинасын сыноого катышкан алты адам көз жумду. https://factcheck.kz/.../manipulyaciya-umerli-shest.../

Фейк: «COVID-19 вакцинасы ВИЧ жана безгек оорусун чакырат» https://stopfake.kz/ru/archives/3821

Фейк: «COVID-19 вакцинасы ДНКны өзгөртөт, ал эми эмдөөдөн өткөн адамдарды миллардерлер патенттеп алышат» https://stopfake.kz/ru/archives/3402

Factcheck.kg, Кашкар Джунушалиев 2020-жылдын 15-ноябрында Москвада болгонбу? Фейк, төмөнкү шилтеме боюнча жеткиликтүү https://factcheck.kg/kashkar-dzhunushaliev-byl-v-moskve.../

Maral FM, Акаев: Мени Жапаровдун штабын жетектейт деген маалымат калп, төмөнкү шилтеме боюнча жеткиликтүү https://maralfm.kg/archives/452527

Фейк: «Казакстанда НОД уюму иштейт», https://stopfake.kz/ru/archives/3850).

«Ак чачтуу кыздын арбагы адамдарды коркутуп жаткан Ханколь айылына полиция кызматкерлери жөнөтүлдү», https://tengrinews.kz/.../politseyskih-otpravili-selo.../
Россиядагы «арбактын» фейк-видеосу Батыш-Казакстан облусунун администрациясын жөрөлгөлөрдү жасап, текшерүүлөрдү өткөрүүгө аргасыз кылды, 17-ноябрь, 2020-ж., https://factcheck.kz/.../fejk-video-s-prizrakom-iz.../.

Мониторингдин негизги ресурстарынын тизмеси

Медиа

Пикирлер лидерлери

Группалар жана пабликтер

# СПИСОК ОСНОВНЫХ РЕСУРСОВ МОНИТОРИНГА



**МЕДИА:**

1. Kaktus Media
2. Kloop.kg
3. Akipress
4. K-news
5. Вечерний Бишкек
6. Sputnik.kg
7. Инфограм
8. Kyrgyz News
9. Новости Кыр-на
10. Kyrgyz Azattyk Unalgysy
11. Супер инфо
12. Маалымат
13. Эл гезит
14. Next TV
15. 24.kg
16. Ачык Айкын
17. Sputnik
18. BBC News KG
19. Акипресс
20. TRT Kyrgyz

**ЛИДЕРЫ МНЕНИЙ:**

1. УЛАН ҮСӨЙҮН
2. АРСТАНБЕК АБДЫЛДАЕВ
3. ЧУБАК АЖЫ ЖАЛИЛОВ
4. РИТА КАРАСАРТОВА
5. ИЛИМ КАРЫПБЕКОВ
6. АСЕЛЬ КАДЫРБЕКОВА
7. ТИМУР ФАЙЗИЕВ
8. АБДЫШУКУР НАРМАТОВ
9. ДАСТАН БЕКЕШЕВ
10. АЛТЫН КАПАЛОВА
11. БЕКТУР ИСКЕНДЕР
12. ГУЛЬМИРА ТЫНАЛИЕВА
13. МЭЭРИМ ОСМОНАЛИЕВА
14. ГУЛЬНУРА ТОРАЛИЕВА
15. КАДЫР МАЛИКОВ
16. ПАХМАН ВАЛЕНТИНА
17. БОЛОТ ИБРАГИМОВ

**ГРУППЫ И ПАБЛИКИ:**

1. OMKS
2. БЕСПРЕДЕЛ КГ
3. КОМПРОМАТ КГ
4. ЧЕРНЫЙ СПИСОК
5. НАМ НЕ ПОНРАВИЛОСЬ
6. DIESEL.ELCAT.KG
7. AKIPRESS
8. KAKTUS MEDIA
9. AZATTYK MEDIA
10. KLOOP
11. НОВОСТИ КЫРГЫЗСТАНА
12. КЫРГЫЗСТАН 2020
13. КАБАРЧЫ КГ
14. АВТОРЫНОК КЫРГЫЗСТАНА



**МЕДИА:**

1. newreporter.org
2. factcheck.kz
3. caravan.kz
4. tengrinews.kz
5. nur.kz
6. total.kz
7. zakon.kz
8. sputnik.kz
9. holanews.kz
10. 365info.kz
11. Egemen.kz
12. Aikyn.kz
13. Stan.kz
14. Qamshy.kz
15. Sn.kz
16. Baribar.kz
17. Alashainasy.kz
18. Qazaquni.kz
19. Jasqazaq.kz
20. Zhasalash.kz
21. Abai.kz

**ЛИДЕРЫ МНЕНИЙ:**

1. ЕРЖАН РАШЕВ
2. АЙДОС САРЫМ
3. ДОСЫМ САТПАЕВ
4. КАЙРАТ КУДАЙБЕРГЕН
5. БАЯН АЛАГУЗОВА
6. ДЕНИС КРИВОШЕЕВ
7. НУРТАС АДАМБАЕВ
8. АЛТАЙ БАЙШУЛАКОВ
9. СЕРІКЖАН ЕСЕНҒОСҰЛЫ
10. ЕРМЕК НАРЫМБАЙ
11. ӘМІРЖАН ҚОСАНОВ
12. МҰХАМЕДЖАН ТАЗАБЕК
13. РАСУЛ ЖҰМАЛЫ
14. МҰХТАР ТАЙЖАН
15. СЕРІК АБАС-ШАХ
16. АЙГҮЛ ОРЫНБЕК
17. САМАТ САҚ
18. ДИНА ЕЛГЕЗЕК
19. СӘКЕН МАЙҒАЗИЕВ
20. АХМЕТБЕК НҮРСИЛА

**ГРУППЫ И ПАБЛИКИ:**

1. "АТАМНЫҢ БАСЫ-АЙ" - FACEBOOK
2. "ДҮНИЕЖҮЗІ ҚАЗАҚТАРЫ" - FACEBOOK
3. "ШЫНДЫҚТАН ҚАША АЛМАЙСЫҢ" - FACEBOOK
4. "ЖАҒА ҰСТАТТЫ" - FACEBOOK
5. "ҚАЗАҚ ҰЛТШЫЛДАРЫ" - FACEBOOK
6. "ZTB_KZ" - INSTAGRAM
7. "EAPGRAM" - INSTAGRAM
8. "ZTB | QAZAQSTAN" – VK
9. ОЯН КАЗАХСТАН - FACEBOOK
10. KOK TEAM- FACEBOOK
11. ДВД АЛМАТЫ- FACEBOOK
12. ПОД НЕБОМ КАЗАХСТАНА - VK
13. RAKETA - VK
14. LADA.KZ – VK
15. АЛМАТЫ. ЧТО? ГДЕ? КОГДА? - FACEBOOK



**МЕДИА:**

1. Агентство "Азия"
2. Национальное ИА "Ховар"
3. Агенство "Авесто"
4. Радио "Озоди"
5. Агентсво "SugdNEWS"
6. ИА "Sputnik"
7. Газета "Согдийская правда"
8. Сайт газеты "Вечерный Душанбе-Вечёркв"
9. Сайт газеты "Точикистон"
10. Газета "Оила"
11. Сайт газеты "Фараж"

**ЛИДЕРЫ МНЕНИЙ:**

1. РАҶАБ МИРЗО
2. ХИЛВАТШОҲ МАҲМУД (ХОҶАЕВ)
3. САЙИДМУҲИДДИН ДУСТМУҲАММАДИЁН
4. САЙФ ДОСТИЕВ (МИЗРОБ)
5. РАХМАТИЛЛО ЗОЙИРОВ
6. САЛИМИ АЮБЗОД
7. МИРЗО САЛИМПУР
8. МАВДЖУДА СОХИБНАЗАРОВА
9. САИДЖАФАР УСМОНЗОДА
10. ИКБОЛ ТЕШАЕВ
11. НЕГМАТУЛЛО МИРСАИДОВ
12. ЗЕБО ТАДЖИБАЕВА
13. ЗУЛЬФИЯ ГОЛУБЕВА
14. ЛИЛИЯ ГАЙСИНА
15. ГУЛЬНОРА АМИРШОЕВА
16. РАЧАБ МИРЗО
17. РУСТАМ ГУЛОВ
18. MANZURA MAHKAMOVA
19. ЧОНИ САФАРЗОДА

**ГРУППЫ И ПАБЛИКИ:**

1. NIGOHI NAV/НОВЫЙ ВЗГЛЯД
2. #НАСИЛИЮ NET.
3. TAJIK MAMA GROUP
4. ИФОРМАЦИЯ ДЛЯ РАЗМЫШЛЕНИЯ
5. ОБЗОР ВЕСТИ СОГДА
6. МЫ ТАЛДИКИСТАНЦЫ
7. ЖЕНСОВЕТ TJ
8. АЗИЯ ПЛЮС
9. YOUTH OF SUGHD/МОЛОДЁЖЬ СОГДА
10. Я ЛЮБЛЮ ХУДЖАНД/ I LOVE KHUJAND
11. ЦЕНТРАЛЬНАЯ АЗИЯ: ПОЛИТИКА, ОБЩЕСТВО, РЕЛИГИЯ
12. МЫ-ТАДЖИКИСТАНЦЫ! / МО -ТОҶИКИСТОНИЁН!
13. АХБОРИ ТОҶИКИСТОН-НОВОСТИ ТАДЖИКИСТАНА-NEWS OF TAJIKISTAN



**МЕДИА:**

1. kun.uz
2. gazeta.uz
3. podrobno.uz
4. nuz.uz
5. spot.uz
6. anhor.uz
7. repost.uz
8. vot.uz
9. upl24.uz
10. uzdaily.uz
11. vkratce.uz
12. xabar.uz
13. vesti.uz
14. daryo.uz
15. qalampir.uz
16. mytube.uz
17. mover.uz
18. fergananews.com
19. centralasia.media
20. sputnik.uz
21. ozodlik.uz

**ЛИДЕРЫ МНЕНИЙ:**

1. АЗИЗА УМАРОВА
2. КОМИЛ АЛЛАМЖОНОВ
3. ШЕРЗОД КУДРАТХОДЖАЕВ
4. ЛОЛА КАРИМОВА
5. НИКИТА МАКАРЕНКО
6. ИРИНА МАТВИЕНКО
7. ФЕРНАНДА МАНЧИНИ
8. САША ИВАНЮЖЕНКО
9. ФЕРУЗХАН ЯКУБХОДЖАЕВ
10. АЛИ КАХАРОВ
11. ХУШНУДБЕК ХУДОЙБЕРДИЕВ (TG LINK)
12. НИГОРА АКИЛОВА
13. ДАВЛЕТОВ КИРИЛЛ
14. АЛЬТМАН ЮЛИЙ
15. ЮСУПОВ УМИД ГАФУРОВ

**ГРУППЫ И ПАБЛИКИ:**

1. ALTER EGO (YOUTUBE LINK)
2. WOMEN EMPOWERMENT CLUB TASHKENT
3. MDK.UZ
4. НАБЛЮДЕНИЯ ПОД ЧИНАРОЙ
5. ПОРТАЛ МОЛОДЕЖИ
6. ФЕШН ТЕРАПИЯ
7. НЕ МОЛЧИ
8. МАСТАВА
9. ПОТРЕБИТЕЛЬ.УЗ
10. ИНСАЙДЕР
11. СТОЛИК С ВИДОМ НА ПЛАНЕТУ
12. ДОЧЬ ЖЕЛЕЗНОГО ДРАКОНА
13. PICKUPER UZ
14. TROLL UZ (FB LINK)
15. ВОДИТЕЛИ ТАШКЕНТА (DRIVERS.UZ)
16. ПОТРЕБИТЕЛЬ ПЛЮС
17. ПОСТИМ ВСЁ, ЧТО ЗАПРЕЩЕНО В ГРУППЕ

*Список содержит только основные ресурсы, включенные в медиа мониторинг.